

83
Ж-89

Каныбек Жунушов

# Жашынмак





Жанга жагым тартуулайт,
Жашыл токой, жашыл бак.
Чычкан менен төө мында,
Жатышты ойноп жашынмак.

Бары-жогу билинбейт,
Көзгө чычкан илинбейт.
Төө издеп таба албады,
Каякка гана барбады...

Жашынса эле таптырган
Төө айыбы өзүндө:
Басса-турса дардайып,
Чычкандын турат көзүндө.



РАЙОНДУК БОРБОРДУК
КИТЕПКАНАСЫ
Инв. №
49669-08




Чочко тууду тогузду,
Сарайдын ичин толтуруп,
Бирди эле тууду биздин төө
Өзү аябай чоң туруп!



Күчүк эмен жалбырагын
Казга тиштеп барыптыр:
– Мобул сенин таманың го,
Жерге түшүп калыптыр...







**Жуусаңчы дейт жүзүңдү,**
**Турсам да таза, чоң энем.**
**Көрсө чамбыл көрсөткөн**
**Көз айнеги кир экен...**



Жамгыр төгүп шатырап,
Шөмтүрөтө суу кылып,
Жандын баарын качырат:
– Суу деле боло койбосмун
Чыгарып турсам башымды, –
Деп качып бака жамгырдан
Көлчүккө кирип жашынды.



УДК 821.51-93
ББК 83.8
Ж 89

**Ж 89** ЖАШЫНМАК / К.Жунушов; Сүретүн тарткан К.Рымбек. – Б.: «Таалим-Форум» КФ, 2013. – 10 б.

ISBN 978-9967-27-089-3

Мектеп жашына чейинки бебөктөр үчүн.

Китепче Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы жана Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан жактырылган.

www.taalimforum.kg
taalimforum@gmail.com
+996 (312) 298 681

Дизайнери *А.Мадлымбекова*

Ж 4803300200-13
ISBN 978-9967-27-089-3

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© «Таалим-Форум» КФ, 2013

9 789967 270893